| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>НАРЫН ОБЛУСУ<br>ЖУМГАЛ РАЙОНУ<br>ЖАНЫ-АРЫК АЙЫЛДЫК<br>КЕНЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>НАРЫНСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ЖУМГАЛЬСКИЙ РАЙОН<br>ЖАНЫ-АРЫКСКИЙ АЙЫЛНЫЙ<br>КЕНЕШ |
|---|---|---|

**Жаны-Арык айылдык Кенешинин XXVIII-чакырылышынын**
**VIII-кезексиз сессиясынын**
**Токтому №14/1**

Жаны-Арык айылы 2022-жылдын 15-сентябры

**Жаны-Арык айыл аймагы боюнча биринчи Элдик Курултайга айыл аймагынан делегаттарды шайлоону уюштуруу жана өткөрүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 15-августундагы №284 «Элдик курултайды чакыруу жөнүндө» Жарлыгы менен аныкталган 2022-жылдын 25-ноябрында өтүүчү биринчи Элдик Курултайга айыл аймагынан делегаттарды шайлоону уюштуруу жана өткөрүү жөнүндө маселени карап, айылдык Кеңештин депутаттарынын билдирүүлөрүн угуп жана талкуулап, Жаны-Арык айылдык Кенешинин VIII-кезексиз сессиясы, **токтом кылат:**

1. Жаны-Арык айыл аймагы боюнча жергиликтүү курултайдын делегаттарынын жалпы саны 50 адамдан түзүлсүн;

2. Жергиликтүү курултайга делегаттарды шайлоо боюнча Жаны-Арык айыл аймагы 1-тиркемеге ылайык тиешелүү аймактарга бөлүнсүн;

3. Элдик курултайды өткөрүү боюнча уюштуруу комитетинин Календардык планында аныкталган мөөнөткө ылайык жарандардын жыйындарын жана чогулуштарын өткөрүүнүн графиги жана алардан шайлануучу делегаттардын өкүлчүлүктүү ченемдери 2-тиркемеге ылайык бекитилсин;

4. Жергиликтүү курултайлардын делегаттарын шайлоо боюнча ар бир жыйындарды жана чогулуштарды өткөрүүгө жооптуу жергиликтүү Кеңештин депуттаттарынын тизмеси 3-тиркемеге ылайык бекитилсин;

5. Жергиликтүү курултайды уюштуруу жана өткөрүү боюнча 11 адамдан турган жумушчу тобунун курамы 4-тиркемеге ылайык бекитилсин;

6. Жаны-Арык айыл аймагында Элдик Курултайдын делегаттарын шайлоо боюнча жергиликтүү Курултайды өткөрүү 5-тиркемеге ылайык бекитилсин;

7. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырам.

**Төрайым:** **М.Акматалиева**